2020-2021-окуу жылындагы насаатчынын жаш адис менен

иштөө боюнча анализи.

Бүгүнкү күндө насаатчылык системасы дагы бир жолу көңүл буруууга татыктуу. Ал жаш адистин турмуштук зарылчылыгын чагылдырат, жумуш ордунда практикалык жана теориялык жардам көрсөтө алган тажрыйбалуу адистин колдосуна ээ болот.

Жаш адис Орозобекова Назиранын насаатчыларынын бири болуп, жаш мугалим менен иштөөнүн максатын жана негизги милдеттерин аныктадым.

**Максаты:** Жаш адис теориялык жана практикалык билимин өркүндөөтүү, анын педоагогикалык чеберчилигин жогорлатууда практикалык жардам көрсөтүү.

**Милдети:** Жаш адистин үзгүлтүксүз билим алууга окуучуларды окуутунун жана тарбиялоонун жаңы формаларын, ыкмаларын өздөштүрүү теориялык билимди практикалык ишке ашырууга болгон муктаждыгын калыптандырууну улантуу. Билимдин жетишсиздигин жоюу, кызматтык функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу. Чыгармачылык иш-аракеттерин стилин индивидуалдуу ишмердүүлүгүн калыптандырууга көмөк көрсөтүү. Жаш мугалимди конкреттүү билим жана теорияны практикада колдонуу көндүмдөрү менен куралдандыруу. Иштин негизги багыттары болуп документациясын киргизүү (класстык журналдар менен иштөө, сабактардын пландарын, календардык-тематикалык пландоо курамы окуу-тарбия процессин ата-энелер менен иштөөнү уюштуруу методикасынын жалпы маселелерин колдонуу механизими) дидактикалык, визуалдык ж.б. материалдар.

Сабак мектептеги окуу тарбия процессин уюштуруунун кеңири формасы болуп саналат. Бул инновациялык-маалыматык технологияларды колдонуу менен салтуу жана салтуу эмес жүргүзүлүшү мүмкүн. Жаш адис менен биргеликте ал өткөн сабактар талдоого алынып, туура түзүлүшү жана максатка жетүү жөндөмдүүлүгү боюнча усулдук сунуштар берилди, анткени максатты так эмес көрүү түпкү натыйжа катары дайыма методдордун жана окуу куралдарынын мазмунун аныктоодо бүдөмүк жана так эместикке алып келет. Жыл ичинде Назира маанилүү професионалдык сапатка ээ болуу үчүн менин жана башка мугалимдердин сабактарына катыша алган. Жаш адис сабактарга кирүү менен төмөнкү көндүмдөргө ээ болду.

- Тарбиялык жана жагымдуу атмосфераны түзүү
- Колдонулган методдор.
- Окуучулардын ишмердүүлүгү
- Мугалимдин сөзү жана сабактагы мааниси.
- Окуучулар менен мугалимдин мамилеси.

Назира класстагы окуу процессин ата-энелер тыгыз байланышта жана кызматаштыкта курат.

Сапарбек Мырзакматов атындагы орто мектебинин даярдоо классынын мугалими Орозобекова Назира 2018-жылдын 1-сентябрынан баштап аты аталган мектепте иштеп келе жатам. Насаатчым башталгыч класстын мугалими 2002-жылдан тарта иштеп келе жаткан эже Алымкулова Лира Советбековна. Алымкулова Лира Советбековна 1кыз, 2 уулдун мээримдүү энеси, сүйүктүү жар, ишине берилген компонентүү мугалим. 2018-жылдан жаш адис катары дайындалып, Лира Советбековнадан тажыйырба алып келе жатам. Насаатчым менен иштөөдө төмөнгүдөй иш алып бардык.

1-иш мерчемдерин түздүк
2- журнал толтурууну
3-күндөлүк план түзгөндү
4-жөндөмдүү жана начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн иш мерчемин түзгөндү
5- тарбия журналды толтурунун эрежелерин
6-ата-энелер менен иштөөнүн планын
7-сабактардын максаттарын коюп жана ага жетүүнү
8- мектептин ички тартибин
9-мектептин салттары жөнүндө
10-календардык-тематикалык пландарды даярдоо.